Т.Онолбаев атындагы орто мектеби

# Ачык сабак
# Адабий окуу сабагы
## 4-класс

## Тема: Булбул менен жылан

Мугалим: Касымалиева Н.С

Сканировано с CamScanner

**14-март 2023-жыл**

Предмети: **Адабий окуу**

Сабактын темасы: **"Булбул менен жылан"**

*Мугалим:*

Сабагыма даярмын.

А силерчи, балдарым,

Жакшы менин маанайым,

Саламатсыңарбы, балдарым!

*Окуучулар:*

Сыйлайбыз сизди, эжеке,

Салам айттык биз сизге.

Биздин маанай эң сонун

Саламатсызбы, эжеке!

Сабактын максаты:

1. Чыгарманын мазмуну менен таанышышат. Чыгарманы үн чыгарып көркөм окушат.
2. Суроолорго жооп беришет. Чыгарманын картасын түзүшөт. *Билем. Билдим. Билгим келет* таблицасын түзүшөт.
3. Кичи топто бири-бирин угуп жардам берүүгө, ынтымактуулукка көнүгүшөт.

Көрсөткүчтөр:

1. Чыгарманын мазмунун түшүнүп, түшүнгөнүн айтып беришсе; Чыгарманы үн чыгарып көркөм окушса.
2. Суроолорго жооп беришсе; Чыгарманын картасын түзүшсө; *Билим. Билдим. Билгим келет* таблицасын түзүшсө;
3. Кичи топто бири бирин угуп жардам берүүгө, ынтымактуулукка көнгүшсө.

Сабактын тиби: Аралаш сабак.

Сабактын формасы: Класстык сабак.

Сабак аралык байланыш: Кыргыз тили, математика.

Сабактын жабдылышы: Таратмалар, батман, маркер, ТСО.

Сабактын ыкмасы: интерактивдүү.

Сабактын жүрүшү:

1. Уюштуруу
2. Үй тапшырмасын суроо
3. Жаңы теманы түшүндүрүү.

Жагымдуу маанай: Акыл чабуулу ыкмасы.

Жаңы тема: "Булбул менен жылан"

Окуганга чейин:

Сканировано с CamScanner

— *Булбул* деген эмне? Ал кайда жашайт?

*Жылан* деген эмне? Ал кайда жашайт?

Балдар, *боорукердик, таш боордук* дегенди кандай түшүнөсүңөр?

(120 секунд ыкмасы колдонулат)

Окуу мезгили:

-"Булбул менен жылан" чыгармасын үн чыгарып, көркөм окуп берем.

-Тыным менен окуп, угуп түшүнүүсүн сурап турам. Болжолдуу айтылган ойлорун аныктап алам;

-Жазылган сөздөрдү белгилеп чыгам;

*Булбул, жылан, балапандар*. Балапанды жылан жеп коюшу мүмкүн.

Окуудан кийин:

Интерактивдүү көнүгүүлөр:

- Балдар, болжолдуу жазылган сөздөрдү аныктап алалы.
- *Булбул.*
- *Жылан.*
- *Балапандар.*
- Демек, силер туура таптыңар, азаматтар.
- Рахмат.

**1- тапшырма;**

- "Булбул менен жылан" чыгармасын үн чыгарып көркөм окуу. (3 минута)
- " Кол белги" ыкмасын колдоном.

**2-тапшырма;**

- Суроолорго жооп бер! Булбул эмне үчүн кыжалат болду?
- Булбулдун мукам добушу заар чачкандан башканы билбеген жыланга таасир эттиби? Эмне үчүн? ( 20 секунд)

Физминутка:

Кел, досторум,

Ар убакта ынтымакта бололу.

Таарынышып койсок эгер

Кечиришип коёлу.

Көздөр, көзгө тике карап,

Бир жылмайып коёлу,

"Бир" дегенде кол сунам,

"Эки" дегенде олтурам,

"Үч" дегенде мурдагы

Сканировано с CamScanner

Калыбымда түз турам.

Кайталаймын он жолу

Кайталагын он жолу

1,2,3; 1,2,3 мына бизде күч.

1,2,3,4 сандары боюнча кичи топторго бөлүнүп алышат.

3-тапшырма:

1-2- кичи топторго: — чыгарманын картасын түз?

3-4-кичин топторго: — *Билем. Билдим. Билгим келет*— таблицасын түзгүлө? (тапшырманы аткарууга 10 мүнөт берилет)

Презентация.

1-2-топтор:

Чыгарманын картасы:

Чыгарманын аталышы: — "Булбул менен жылан".

Башкы каармандар: — Булбул, жылан, балапандар.

Окуянын башталышы: — Булбулдун балапандары эч нерседен камсыз, бири – бирине кыналышып уктап жатышты. Энеси алардын уйкусун бузбай, акырын гана уядан учуп жөнөдү.

Окуянын ортосу:

Уядан көз албай жүргөн жылан сойлой жөнөдү. Балапандын эти кандай таттуу? Ал шилекейин жутуп, көзүн тостойтуп, ылдамыраак сойлоду. Балапандардын энеси келип калды. Жалынып жалбарып жиберди.

Окуянын аягы:

Булбул жыландын бет маңдайына конуп алып, сайрап кирди. Тоо токойдун көркүн, жан – жаныбарлардын салт – санаасын жакшылык – жамандык, ач көздүк – жоомарттык, ата – эне, өлүм жана тирүүлүк, бала жөнүндө ушундай бир мукам сайрады дейсиң, жылан турган жеринде катып калды.

Мукам үндү жылан уккусу келген жок, анткени аны таш боордугу жеңип кетти. Жылан куйругун кулагына салдыда, артына сойлоп кетти.

Чыгарманын автору: Дүйшөн Сулайманов.

Сабакты жыйынтыктоо:

Балдар, сабак силерге эмнеси менен жакты?
Сабактын эмнеси жаккан жок? ( 20 секунд ыкмасы)

Жаккан жагы: Булбул балапандары үчүн бардыгына, өлүмгө да даяр экендиги.

Жакпаган жагы: Жыландын таш боордугу, мукам үндү да уккусу келбегендиги.

**Үй тапшырма**:

Булбул менен жыланды салыштырып жазып келесиңер.

**Баалоо:** — Окуучулар бири – бирин баалайт, мугалим жыйынтыктап баалайт.


Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner